КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
КАРГАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

721500 Казарман айылы, Ж.Акимбаев көчөсү №81
тел:(03738) 5-02-50

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
КАРГАЛЫКСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

721500 с. Казарман, ул Ж.Акимбаева № 81
тел:(03738) 5-02-50

**Каргалык айылдык Кеңешинин (XXVIII чакырылышынын)**
**кезектеги XVIII сессиясынын**
**Т О К Т О М У**

15-май 2023 - жыл №31 Казарман айылы

**Каргалык айыл аймагындагы “Жаз, жай, күз айларында малдын көчүп-конуусу боюнча ички тартип тууралуу” Эрежени бекитүү**

Каргалык айыл аймагындагы “Жаз, жай, күз айларында малдын көчүп-конуусу боюнча ички тартип тууралуу” Эреже боюнча долбоорун жана Каргалык айылдык кеңешинин “Мыйзамдуулук, укук, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча, депутаттык этика, мандат, регламент, маданият жана социалдык маселелер боюнча” туруктуу комиссиясынын төрайымы К.Мамырованын маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1-пунктуна ылайык,

**Каргалык айылдык Кеңешинин (XXVIII чакырылышынын)**
**кезектеги XVIII сессиясы**
**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Каргалык айыл аймагындагы “Жаз, жай, күз айларында малдын көчүп-конуусу боюнча ички тартип тууралуу” Эрежеси бекитилсин (эреже тиркелет).
2. Кабыл алынган Эрежеге ылайык иш алып баруу Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн тиешелүү адистерине, “Жайыт” комитетинин мүчөлөрүнө жана жалпы эле айыл аймагында жашаган бардык жарандарга жүктөлсүн.
3. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн http://kargalyk.org.kg/ расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомду аткаруу Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Артыкбаевге милдеттендирилсин.
5. Бул токтомду көзөмөлдөө “Мыйзамдуулук, укук, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча, депутаттык этика, мандат, регламент, маданият жана социалдык маселелер боюнча” туруктуу комиссиясынын төрайымы К.Мамыровага милдеттендирилсин.

**Каргалык айылдык Кеңешинин төрагасы: Т.И.Токтоболотов.**

*"Бекитем"*
*Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы*
*Т.И.Токтоболотов*
*Каргалык айылдык кеңешинин(XXVIII чакырылышынын)кезектеги XVIII сессиясынын*
*№ 31- токтомуна тиркеме*
*15-май 2023-жыл*

**Каргалык айыл аймагындагы «Жаз, жай, күз айларында малдын көчүп-конуусу боюнча ички тартип тууралуу»**

**Эреже**

Учурдагы кабыл алынып жаткан мал багуу эреже Кырыз Республикасынын «Укук бузуулар жөнүндө» Кодексине, Кыргыз Республикасынын «Ветеринария жөнүндө», Кыргыз Республикасынын «Жайыттар жөнүндө» мыйзамдарына ылайык кабыл алынып, Каргалык айыл аймагында айыл тургундарынын жеке менчигиндеги малдарды багуусундагы малдын көчүп-конуусун жөнгө салат.

1. Эреже Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы, тиешелүү Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн адистери, Каргалык айыл аймагын жайыт комитеттин мүчөлөрү жана айыл тургундардын биргелешип, жыл сайын так аткарчу милдеттүү ишин белгилейт жана ушул эрежени так аткарууну талап коюу менен жыл сайын аткарылчуу жана калыптандыруучу тажрыйбаны камсыздайт.

2. Эреже Каргалык айылдык кеңеши тарабынан кабыл алынгандан кийин Каргалык айыл аймагында жашаган баардык жарандар, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана менчиктин түрүнө карабастан бардык уюм, мекеме, ишканалар тарабынан милдеттүү аткарылууга тийиш.

3. Өтүп жаткан жылдын апрель айынан май айына чейин Каргалык айыл аймагынын Жайыт комитети мал ээлеринин арыздары жана билдирүүлөрү аркылуу келээрки жылга жайытка чыкчу малдын санын алдын-ала аныктайт; Соңку жылдын февраль айына чейин жайыт комитети мурунку жыл үчүн отчетун дайындап Каргалык айылдык кеңештин кароосуна коет.

4. 31-мартка чейин соңку жылдын жайыт акысы тууралуу, жайыт пайдалануу боюнча жылдык план менен коомдук угууда тааныштырат.

5. Каргалык айыл аймагын айыл өкмөтү менен биргеликте Каргалык айыл аймагынын жайыт комитети 31-мартка чейин элдик жыйын өткөрүү менен малчы малды элден ала электе малды багуу баасын аныктайт жана жайыт акы кимдер тарабынан төлөнүшү керектигин макулдашат жана жалпы элдик жыйын менен бекитилет.

6. Каргалык айыл аймагынын чегинде жайгашкан жайытка мал менен жайлоого көчүү 1-майдан 25-майга чейин, ал эми 1-октябрдан кийин көчүп келүүсу бекитилет. Жайыт планында көрсөтүлгөн чектөөлөргө ылайык көчүү конуу жүргүзүлсүн.

7. 20-апрелден баштап саан уйларга жана майда жандыктарга кезүү уюштурулуп, кезүү кайтаруу жайыт пайдалануучуларга, бадачыларга Каргалык айыл аймагынын “Жайыт” пайдалануучулар бирикмесинин ички тартип эрежелерине ылайык жүргүзүлөт.

8. Малчыга берилбей кароосуз калган малдардын уурдалып кетүүсүн алдын алуу жагы айыл башчылары жана жайыт комитети тарабынан 1-апрелден 1-ноябрга чейин жайытка малдарды бадачыларга берип жаз-күз айларында короого камап багуу боюнча элдерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүшөт.

9. Мал уурулуктун алдын алуу максатында өтүп жаткан жыл сайын 1-апрелден 1-ноябрга чейин жайытка малдарды бадачыларга берип өз ара жазуу түрүндө (келишим түзүү менен) макулдашылып белгиленген баада малдын толук кандуу багылуусу бадачыларга милдеттендирилет.

10. Мал уурулукка бөгөт коюуу максатында малын кароосуз калтырбоосу жана эртен менен үйүнөн талаага айдалып, кечиндеси короосуна киргизилип кароосу Каргалык айыл аймагында жашаган жарандарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен мал багуусу милдеттендирилет.

11. Кыргыз Республикасынын «Укук бузуулар жөнүндө» Кодексине ылайык белгиленген тартипте кабыл алынган, күчүнө кирген, жайыттарды, чөп чабындыларын башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын планында белгиленген режимди бузгандыгы үчүн айыл тургундары үй тиричилигине керектүү малдан ашык мал алып калгандарга, жайыт эрежелерин бузуп айыл чегиндеги жана алыскы жайыттарды которуштуруп пайдалануу талабына ылайык тыныктырууга бөлүнгөн жайыттарга мөөнөтүнөн мурда мал жаюу, ошондой эле тийиштүү уруксат албастан, табигый жана эгилме жайыттар аркылуу мал айдап өтүүсү, менчигинин түрүнө карабастан малдын же канаттуулардын айдоолорду майкандоосу, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн талаадагы жыйналган түшүмүн керектөөдөн чыгаруусу же жок кылуусу, бак-дарактарга зыян келтирүүсү, малды, канатууларды жана башка жаныбарларды милдеттүү ветеринардык иш-чарларды өткөрүү үчүн көрсөтпөөсү, турмуш тиричилигиндеги катуу калдыктарды чектелген жерден башка жерлерге таштабоого тыюу салуу боюнча укук бузгандыгы үчүн жарандарды (укук бузуучуларды) административдик жоопкерчиликке тартуу Каргалык айыл аймагынын укук бузуулар боюнча комиссиясына тапшырылсын.